# Биология

## PISAга багытталган тест

## 7 - класс

| **Тапшырма 2/1.**<br><br>***Оң тараптагы текстти окуп чыккыла****. Суроого карата сунушталган жооптордон туура жоопту белгилегиле.*<br>**1-суроо:** Эмне себептен жамгырдан кийин сөөлжандар массалык түрдө жер  үстүнө чыгып калышат?<br>***Бир гана туура жоопту тандагыла:***<br>А) топурак сууну сиңирип алып, аларга аба жетпей калат<br>Б) топурак жумшак болуп калгандыктан, алар оңой сойлоп чыгышат<br>В) азык издеп сойлоп чыгышат<br>Г) жамгыр жааган маалда алар жупташышат | **Топурактагы эмгекчилер**<br><br>Жайкысын Гүлнара сөөлжанды бакчадан өсүмдүктөрдү сугаргандан кийин, топуракты жумшарткан учурда көп эле жолу көргөн. Түнү менен жамгыр куйгандай жаап чыкты. Эртең менен ал мектепке бара жатканда бардык жердеги, көчөлөрдөгү, тротуарлардагы, асфальттын үстүндөгү чыгып калган көптөгөн сөөлжандар анын көңүлүн бурду. Үйүнө келип бул курттар, ошол себептен сөөлжан (дождевые черви) деп аталып калгандыгын, б.а. адамдар дал ушул жаандан кийин аны көп көргөндүктөн атын жаан менен байланыштыргандыгын окуду. |
|---|---|

| | |
|---|---|
| **Тапшырма 2/2.**<br><br>***Оң тараптагы текстти окуп чыккыла***.<br>*Суроого карата сунушталган жооптордон туура жоопту белгилегиле.*<br>**2-суроо:** Гүлнара өз тажрыйбасы аркылуу эмнени далилдегиси келди?<br>***Бир гана туура жоопту белгилегиле:***<br>А) топурак пайда кылуудагы сөөлжандын ролун<br>Б) топурак аркылуу сөөлжандын кыймылын<br>В) топурактын үстүнө алар канча жолу чыгаарын<br>Г) топурактын нымдуулугу булардын көбөйүшүнө таасир тийгизээрин | **Топурактагы эмгекчилер**<br><br>Гулнара тажрыйба жүргүздү. Банканы алып ага топуракты, кумду салып, сөөлжанды коё берди. Банкадагыларды өз ченеми менен нымдап, азык катары: түшкөн жалбырак жана чөптөрдөн салып койду. 30 күндөн кийин бардык жалбырактар калбай калды, жалбырактар менен чөптөрдү сөөлжан ийнине ташып кетти.<br><br> |
| **Тапшырма 2/3**<br><br>***Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого жооп жазгыла.***<br>**3-суроо:** Көп өсүмдүктүү жана сөөлжандар жашаган топурак кандай касиеттерге ээ болот?<br>***Өз жообуңарды жазгыла:***<br>______________________________<br>______________________________<br>______________________________ | **Топурактагы эмгекчилер**<br><br>Гулнара бакчадагы жөөктөрдөн жамгырдан кийин көп эле сөөлжан көрүп жүрөт, бирок көлмөнүн жанындагы кумдуу жээктен бир дагы сөөлжанды кездештирген эмес. Мындан сырткары ал өсүмдүк өспөгөн кумдуу жээкке караганда, өсүмдүктөр көп өскөн топуракта сөөлжан көп болоорун байкады. |

| **Тапшырма 2/4**<br><br>***Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого жооп бергиле.***<br>**4-суроо: Дагы кандай себептерден улам сөөлжандын саны азайышы мүмкүн?**<br>***Бардык туура жоопту белгилегиле:***<br>А) химиялык жер семирткичтерди колдонуу<br>Б) топуракты терең казуу жана айдоо<br>В) 5 см терең эмес топуракты иштетүү<br>Г) топурак тирүү организмдердин калдыктарына бай болсо | **Топурактагы эмгекчилер**<br><br>Гулнара менен анын дос кызы экөө ар кайсы жердеги сөөлжандардын санын изилдеп көрүүнү чечишти. Күрөк менен топуракты казып, колдору менен иргеп чыгып, сөөлжандарды топтошту.<br>Ар кайсы жердеги сөөлжандардын сандык көрсөткүчтөрү айырмаланып турду. Баарынан сөөлжан эң көп болгон жерлер булар бакча менен жолдон алыс талаалар болду. Ал эми эң азы ойноочу жана машина токтоочу жайдагы, жолго жакын жердеги аймактар болуп чыкты.<br>Алар төмөндөгүдөй жыйынтыкка келишти: Канчалык топурак көбүрөөк тапталган жана тыгыз болсо, ошончолук анда сөөлжандар аз болот. |
|---|---|

**Тапшырма 2/5.**

***Оң тараптагы текстти окуп чыккыла жана суроого жооп бергиле.***
*Таблицадагы сол жакта берилген ар бир элементке оң жактагы Ооба/Жок элементтердин ичинен дал келгенин табыңыз.*
**5-суроо:** Чындыгында сөөлжандар гүлдөрдүн тамырларына зыян келтирдиби?
Туура болсо **Ооба**, туура эмес болсо **Жок** деп белгилегиле:

| № | Жооптор | **Ооба** | **Жок** |
|---|---|---|---|
| 1 | Сөөлжандар-булар гүлдөрдүн тамырларына зыян келтирүүчү мителер. | | |
| 2 | Сөөлжандар топуракты чиринди менен байытып, аны борпоң кылып пайда алып келет. | | |
| 3 | Сөөлжандар топуракта болгон бардык нерселер менен азыктанышат. | | |
| 4 | Жарым жартылай чириген жалбырактар жана жумшарып, чирип бараткан тамырлар менен азыктанышат. | | |

**Топурактагы эмгекчилер**

Гүлнаранын апасы бакчадагы гүлдөр гүлдөбөй, жалбырактары түшүп жаткандыгын айтып кейиди. Гүлнара менен дос кызы экөө гүл бакчадагы гүлдөр өскөн топуракты жумшартып көрүүнү чечишти. Качан алар топуракты жумшартып, отоо чөптөрдү жулуп чыккандан кийин айланаларынан өтө көп сөөлжандарды көрүштү. Дос кызы мындай деди:- Ушул сөөлжандардын айынан гүлдөр соолуп калганбы? Булар балким гүлдүн тамырларына зыян келтиришкен чыгаар?